# Ж.БАЛАСАГЫН атындагы КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИНИН АСПИРАНТУРА ЖАНА ДОКТОРАНТУРА БӨЛҮМҮНДӨ

# 2022–ОКУУ ЖЫЛЫ ИЧИНДЕ ЖАСАЛГАН ИШТЕРИ БОЮНЧА

# **О Т Ч Е Т У**

# 01.01.2023–жылга карата аспиранттардын жалпы контингенти тууралуу маалымат


*Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин аспирантура жана докторантура бөлүмү өндүрүштөн тышкары (күндүзгү бөлүм) жана өндүрүштөн ажыратылбаган (сырттан окуу бөлүмү) боюнча бюджеттик жана келишимдик негизде аспиранттарды, докторанттарды* ***15*** *илимий багытта* ***73*** *адистик боюнча даярдайт.*

***01.01.2023–жылга*** *карата аспиранттардын жалпы контингенти бардыгы* ***208*** *адам, алардын* ***139*** *бюджеттик негизде, анын* ***20*** *күндүзгү,* ***119*** *сырттан окуу бөлүмдө окушат. Келишимдик негизде* ***69*** *аспирант бар. Анын* ***38*** *күндүзгү,* ***31*** *сырттан окуу бөлүмүндө окуп, илимий иштерин жүргүзүп жатышат. Жалпысынан күндүзгү бөлүмдө,* ***58*** *аспирант, сырттан окуу бөлүмүндө* ***150*** *аспирант даярдалып жатат.*

***2022-жылы*** *бүтүп кеткендердин жалпы саны* ***- 50****, анын* ***38*** *бюджеттик (****12*** *келишимдик ) негизде окугандар. Докторанттардын жалпы саны -****10*** *анын ичинен, тарых илимдери боюнча* ***-1,*** *филологиялык илимдер боюнча -****1,*** *юридикалык илимдер боюнча* ***-6,*** *педагогикалык илимдер боюнча* ***-2*** *докторант бар.* ***2022-жылы*** *докторантурадагы окуу мөөнөтү аяктап бүтүп кеткендер жана докторантураны бүтпөй мөөнөтүнөн мурда докторантурадан чыгып кеткендер болгон жок. Жаңыдан кабыл алынгандар -****3,*** *анын* ***2*** *бюджеттик,* ***1*** *келишимдик негизде кабыл алынды.*


| № | Илимдин багыттары | **күндүзгү** | **сырттан** | **жалпысы** |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Физика-мат. илимдери | **2** | **8** | **10** |
| 2 | Биология илимдери | | **3** | **3** |
| 3 | Техника илимдери | **1** | **1** | **2** |
| 4 | Тарых илимдери | **4** | **12** | **16** |
| 5 | Экономика илимдери | **1** | **17** | **18** |
| 6 | Философия илимдери | **1** | **5** | **6** |
| 7 | Филология илимдери | **4** | **10** | **14** |
| 8 | Юридика илимдери | **2** | **25** | **27** |
| 9 | Педагогика илимдери | **3** | **28** | **31** |
| 10 | Психология илимдери | **1** | | **1** |
| 11 | Социалдык илимдери | | **1** | **1** |
| 12 | Саясий илимдер | **1** | **4** | **5** |
| 13 | Жер жөнүндө илим | | **5** | **5** |
| | **Бардыгы:** | **20** | **119** | **139** |

# Бюджет боюнча аспиранттардын жалы саны (01.01.2023)




| № | Илимдин багыттары | Келишим боюнча окуган аспиранттардын жалпы саны (01.01.2023-жылга карата) | | |
|---|---|---|---|---|
| | | күндүзү | сырттан | жалпысы |
| 1 | Тарых | 2 | 2 | 4 |
| 2 | Экономика | 2 | 5 | 7 |
| 3 | Филология | 4 | 2 | 6 |
| 4 | Юридика | 22 | 19 | 41 |
| 5 | Педагогика | 7 | 2 | 9 |
| 6 | Психология | 1 | | 1 |
| 7 | Саясий | | 1 | 1 |
| | Бардыгы: | 38 | 31 | 69 |

# Келишимдик негизде окуган аспиранттардын жалпы контингенти (01.01.2023-ж.)




| • № | Илимдин багыттары | Аспиранттардын жалпы саны (01.01.2023-ж.) | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | күндүзгү | сырттан | жалпысы | |
| 1 | Физика-математика | 2 | 8 | 10 | |
| 2 | Биология | | 3 | 3 | |
| 3 | Техника | 1 | 1 | 2 | |
| 4 | Тарых | 6 | 14 | 20 | |
| 5 | Экономика | 3 | 22 | 25 | |
| 6 | Философия | 5 | 7 | 12 | |
| 7 | Филология | 4 | 10 | 14 | |
| 8 | Юридика | 24 | 44 | 68 | |
| 9 | Педагогика | 10 | 30 | 40 | |
| 10 | Психология | 2 | | 2 | |
| 11 | Социология | | 1 | 1 | |
| 12 | Саясий | 1 | 5 | 6 | |
| 13 | Жер жөнүндө | | 5 | 5 | |
| **Жалпысы:** | | **58** | **150** | **208** | |


# Аспиранттардын жалпы контингенти
# (01.01.2023)



# Аспиранттардын жалпы контингенти (01.01.2023)



# Аспиранттардын жалпы контингенти (01.01.2023)



## Докторанттардын жалпы контингенти (01.01.2023-ж.)



# 1-курс боюнча жалпы маалымат

**1-курска** жалпы **11** илимдердин багыты жана **26** адистик боюнча **57** аспирант кабыл алынды. Анын **40 (70%),** бюджеттик негизде, **17 (30%)** келишимдик негизде окуууга өтүштү. Алардын ичинен **5 (9%)** бюджеттик негиздин күндүзгү бөлүмүнө өтүштү, алар мамлекет тарабынан стипендия алышат. Адистиктер боюнча салыштырып карасак, юридикалык жана педагогикалык илимдердин адистиктерине тапшырышкан талапкерлердин саны башка адистиктерге караганда бир кыйла көп болду. Б.а. педагогикалык багыттагы илимдерге -**17,** юридикалык илимдерге -**14** талапкер кабыл алынды. Бул көрсөткүч быйылкы жылы жалпы аспирантурага тапшырып өткөндөрдүн **54%** ын түзөт. Калган илимдер боюнча тапшырып кабыл алынган аспиранттар **46%** ды түздү. Жыл боюнча салыштырсак, былтыркы жылы жалпы **45** адам тапшырып, **42** аспирантурага өтүшкөн болсо, быйылкы жылы **61** адам тапшырып, анын **57** аспирантурага кабыл алынды. Демек, былтыркы жылга салыштырганда аспирантурага, илимге кызыгуучулардын саны **15** адамга көп болду. Б.а. **26%** га өскөн. Докторантурага **3** докторант кабыл алынды. Анын **2** бюджеттик **1** келишимдик негизде. Былтыркы жылы докторантурага эч ким келген эмес.

# 1-курс боюнча жалпы маалымат



# 1-курс боюнча жалпы маалымат (01.01.2023-ж.)



Аспиранттардын, изденүүчүлөрдүн кандидаттык минимумдарды тапшырууга даярдануу боюнча: *илимдердин философиясы жана тарыхы*, *чет тилдери (англис, немец, француз) жана мамлекеттик тил* боюнча атайын курстар уюштурулуп, онлайн сабактар жүргүзүлдү, аларга университеттин тажрыйбалуу педагогдору - илимдин докторлору, кандидаттары сабак беришип, сынактарды алышты. Ар дайым тиешелүү документтер: буйруктар, билдирүүлөр, справкалар, өтүнмөлөр, отчеттор, күбөлүктөр, кандидаттык экзамендердин протоколдору, аспиранттардын жана изденүүчүлөрдүн өздүк документтери өз убагында жасалып турулду. Отчеттук мезгилде адистиктер боюнча 26 диссертанттын адистик боюнча кандидаттык сынактары уюштурулуп өткөрүлдү.

Кандидаттык, докторлук диссертациялардын темаларын жана илимий жетекчилерин бекитүү боюнча, университеттин Илимий техникалык кеңешине (ИТК) маалыматтар даярдалып, Илимий техникалык кеңешке убагы менен сунушталып турулду. Илимий техникалык кеңеште жана университеттин Окумуштуулар Кеңешинде бекитилген диссертациялык темалар, НАКтын сайтына, реестрге өз убагында коюлду.

Диссертациялык кеңештер тууралуу материалдар топтолуп аныкталды. **2022-жылы** университет боюнча **7** адистештирилген диссертациялык кеңештер иштеди.

# Диссертациялык кеңештер

1). Д 01.22.647 – *физико-математикалык илимдер*

2). К 02.21.639 - *химиялык илимдер*

3). Д 08.20.622 - *экономикалык илимдер*

4). Д 09.22.657 - *философиялык илимдер*

5). Д 12.22.648 - *юридикалык илимдер*

6). Д 12.20.610 –*юридикалык илимдер*

7). Д 13.20.627- *педагогикалык илимдер*

**2023–жылы 4 диссертациялык кеңештер иштейт:**

1). Д 01.22.647 – *физико-математикалык илимдер*

2). К 02.21.639 - *химиялык илимдер*

3). Д 09.22.657 - *философиялык илимдер*

4). Д 12.22.648 - *юридикалык илимдер*

Чолпон-Ата шаарында **2022-жылдын 28-30-сентябрында** өткөрүлгөн Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын (КРП УАК) «Окумуштуулук даражаларды изденүүчүлөр мектебине барып, андагы Англиядан, Индиядан, Россиядан, Казакстандан жана Кыргызстандан чакырылган адистердин, окумуштуулардын **Scopus, Web of Science** системалары, **«Антиплагиат»** компаниясынын өкүлдөрү, Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитети, КРП УАКы жасаган лекцияларга жана тренингдерге активдүү катышып, сертификаттарды алып келдик.

Илим күнүнө карата **«Санариптештирүү шартында илимдин өнүгүшү» (Развитие науки в условиях цифровизации)** деп аталган темада ***тегерек стол*** өткөрүлдү **(3-ноябрь, 2022-ж.).** Ага университеттин ректору т.и.д., проф. Т.А. Абдырахманов баш болгон университеттин жетекчилиги жана белгилүү окумуштуулар: Т.Э. Урусова, А.А. Саякбаева, Ы.А. Бейбутова, К.Т. Жаманкулова, А.А. Зарипова, М. Камчыбек У. ж.б. аспиранттар жана докторанттар катышты. Анда санариптештирүү шартында аспиранттарды, докторанттарды фундаменталдык билим компьютердик илимдин негизин түзөөрүн түшүнүүгө, илимдин багыттары боюнча электрондук китепканалардан, журналдардан, интернет тармагынан илимий-техникалык пайдалуу маалыматтарды туура пайдаланууну заманбап маалыматтык технологиялардын жардамы менен аткара билүү маселелери кызуу талкууланды. Ар бир окумуштуу оз ойлорун ортого салышып, аспиранттардын, докторанттардын суроолоруна жооп беришти. Атайын даярдалган докладдар окулду. Акырында активдүү катышкан аспиранттарга, докторанттарга сертификаттар берилди.

1. **«Возможности повышения квалификации для научных сотрудников зарубежом»** - Турдубаева Сезим Торубаевна – «Социология» кафедрасынын окутуучусу, Польша мамлекеттик программасынын катышуучусу;
2. **«Туркиядагы санариптештирүү технологиясынын илимге тийгизген пайдалары» -** Исабаева Назгул Акылбековна **-** т. и. к., доц. – КУУнун докторанты;
3. «**Образование без границ: стипендиальная программа Л.Киркланда**». - Шайылдаева Асель Кокоевна- соц. и. к., доц., КУУнун «Илим жана инновациялар» секторунун башчысы;

**4. «Кыргыз адабияты сабагын заманбап технологиялардын жардамы менен интеграциялап окутуу»** - Мараимова Назик Акжоловна – пед. и. к., доц. – КУУнун докторанты;

**5. «Роль IT–технологий в формировании инновационной образовательной среды» -** Эрмексариева Гулшат Муратовна - КУУнун аспиранты;

**6. «Цифровизация в системе судебного и правохранительного сектора» -** Жумабаева Динара Эсенбековна - КУУнун аспиранты.

- **10-ноябрь** илим күнүнө карата өткөрүлгөн салтанаттуу иш –чарага активдүү катыштык.

# Илимий жетекчилер боюнча маалымат

- **Аспиранттарды жана докторанттарды бардыгы болуп, 88 профессор, доценттер, илимдин докторлору жана кандидаттары жетектешет. Илимий жетекчилердин жана кеңешчилердин 78 бюджеттик негизде, 20 келишимдик негизде окуган аспиранттар жана докторанттар менен иштешет.**

- **Алардын ичинен илимдин докторлору, профессорлор - 78 анын 66 бюджет боюнча (12 келишимдик негизде), 4 КР УИА нын анык мүчө-корреспонденттери, 2 академик жана 10 илимдин кандидаттары, доценттер жетекчилик кылышат.**

- **Докторанттар менен 15 илимдин тармагы боюнча изилдөө иштери жүргүзүлөт. Азыркы учурда докторантурада 10 докторант бар. Алар, тарых илимдери боюнча -1, филологиялык илимдер боюнча -1 юридикалык илимдер боюнча -6, педагогика багыты боюнча –2, докторант докторлук диссертацияларын даярдап жатышат.**

**2022-жылга** карата факультеттерден алган маалыматтар боюнча **1** докторлук, **14** кандидаттык диссертация жакталган жана **16** диссертациясын коргоо алдындагы талкуулоодон өтүшкөн.

Белгилеп кетсек, акыркы учурларда э.и.д., проф. А.А. Саякбаеванын, пед.и.д. проф. Н.А. Асипованын ж.б. окумуштууларыбыздын аспиранттары жана изденүүчүлөрү башка илимий жетекчилерге караганда диссертацияларын бир топ ийгиликтүү өз убагында коргоп жатышат.

Аты аталган окумуштууларыбызга терең ыраазычылыгыбызды билдиребиз!

Аспирантурада чет өлкөлүк жарандар: Россиядан, Казакстандан келип окуп жатышат.

| Жылдары | Кандидаттык диссертациялардын саны | Докторлук диссертациялардын саны | Жалпысы |
|---|---|---|---|
| 2013 | 20 | 6 | 26 |
| 2014 | 16 | 6 | 22 |
| 2015 | 19 | 5 | 24 |
| 2016 | 21 | 7 | 28 |
| 2017 | 17 | 3 | 20 |
| 2018 | 21 | 4 | 25 |
| 2019 | 22 | 9 | 31 |
| 2020 | 7 | 3 | 10 |
| 2021 | 6 | 4 | 10 |
| 2022 | 14 | 1 | 15 |
| Жалпысы | 163 | 48 | 211 |

# 2013-2022-жылдар аралыгында корголгон диссертациялардын жалпы саны



# Анализ жана отчеттун негизиндеги **сунуштар:**

- Илим менен алектенген жаштарыбыз айрыкча табигый илимдер боюнча аз себеби, материалдык колдоо жетишпейт, ички мотивация, стимул жокко эсе. Кээ бир илимий жетекчилер аспиранттар менен тыгыз байланышып, жардам берип иштешпейт. Айрым бир аспиранттар диссертациялык иштин темасын тандоо учурунда кыйналышат. Диссертациялык иштердин темалары ар тараптуу жакшы ойлонулуп, факультеттердин, кафедралардын илимий багыттары менен бирдиктүү системада тандалбай калган учурлар кездешет. Аспиранттардын иштерин бирдиктүү көзөмөлгө алуу, аттестация боюнча графиктерди түзүү аны убагында өткөрүү, жакындан жардам көрсөтүү иштери анчалык колго алынбай келет.
- **Отчеттун негизиндеги сунуштар:**
- **Бөлүмгө:** аспиранттарды аттестациядан белгиленген мөөнөттө өткөрүүнү көзөмөлгө алуу, кандидаттык диссертациялардын өз убагында корголбой калуусунун себебин издеп, анализ жүргүзүү. Бөлүмдүн иштерин санариптештирүүнү улантуу.
- **Кафедра башчыларына:** аспиранттарды аттестациялоону планга кийирүү, графигин түзүү, окуу процессине, өздүк пландарынын түзүлүшүнө, окуу сабактардын, практикалардын өткөрүлүшүнө көз салуу, текшерип турууну күчөтүү.
- **Илимий жетекчилерге:** аспиранттардын өздүк пландарынын аткарылышына, аттестациялоонун белгиленген мөөнөттө жүргүзүлүшүнө, убагында диссертациялык иштин корголушуна тыкыр көзөмөл кылуу, аспиранттын өздүк окуу пландарын иштеп чыгуусуна жана аткарууга жардамдашуу, диссертациялык иштердин өз убагында корголушун камсыз кылуу **сунушталат.**

Көңүл бурганыңыздарга чоң рахмат!